**БЕКИТЕМИН**
**Кыргыз билим берүү академиясынын**
**вице-президенти, п.и.к.**
**М.У.Музулманов**
**________________________**
**19 _____январь_________2024-ж.**

**З.К.Самудинованын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча кандидаттык экзамендин кошумча программасынын**

**ПРОТОКОЛУ**

Кыргыз билим берүү академиясынын Филологиялык билим берүү лабораториясынын жыйынынын

**№ 1 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

19- январь, 2024-ж. Бишкек шаары

**Күн тартиби:**

Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын аспиранты Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» аттуу темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган иши боюнча кандидаттык тапшыруу үчүн Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте иштелип чыккан кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

Катышкандар:

1. М.У.Музулманов – вице-президент, п.и.к.,
2. С.К.Рысбаев –п.и.д., профессор, Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
3. А. Б. Батыркулова – Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к.,
4. Талантбек к. А. – Аспирантура бөлүмүнүн башкы адиси
5. З.К.Самудинова - изденүүчү

**Каралуучу маселе:**

Борбордук Азиядагы Америка университетинин жалпы билим берүү программасынын ага окутуучусу, Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын аспиранты З.К. Самудинованын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган «Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу остүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» аттуу темадагы кандидаттык экзаменди тапшыруу боюнча Филологиялык билим берүү лабораториясы менен изденүүчү тарабынан биргеликте атайын иштелип чыккан кошумча программасын кароо жана талкуулоо.

Катчы: КАОнун аспиранты Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программа менен тааныштырууга сөз берилди.

Изденүүчү Самудинова З.К: Урматтуу бүгүнкү талкуунун катышуучулары менин программамдын мазмуну төмөнкүдөй.

**I.**

**Кыргыз тилинин теориясы менен методикасы боюнча (кыргыз тили) кандидаттык экзамен**

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы “Кыргыз тили” адистиги боюнча адистиги боюнча **программа-минимум.**

Программа педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ боло турган изденүүчүлөр үчүн кыргыз тилинин теориясы менен методикасы боюнча теориялык билим, ыкма, билгичтиктерин жана практикалык машыгууларын өркүндөтүү үчүн жана кыргыз тилинин теориясы менен методикасы багытында кандайдыр бир даражада теориялык жана практикалык жактан билим, ыкма, билгичтиктерге ээ болуп чыгууларын камсыз кылуу максатында иштелип чыкты. Программа-минимумда камтылган кыргыз тилинин системалуу курсунун жалпы түзүлүшү, мазмуну жана багыттары төмөнкүлөр: фонетика, сөз жасоо, лексика, фразеология, байланыштуу кеп (кептин түрлөрү, кептин стилдери), морфология, орфография, синтаксис, пунктуация, кеп маданияты, оозеки жана жазуу жумуштары. Ошону менен бирге программа-минимумга кыргыз тилинин теориясы менен методикасын окутуунун окуу нормативдик документтери, кыргыз тилинин теориясы менен методикасынын максаттары жана милдеттери, теориясы менен методикасынын принциптери, теориясы менен

окутуунун окуу нормативдик документтери, кыргыз тилинин теориясы менен методикасынын максаттары жана милдеттери, теориясы менен методикасынын принциптери, теориясы менен методикасынын негизги методдору, компетенттүүлүктүн негизинде кыргыз тилин инсанга багыттап окутуу, кыргыз тилин окутуунун методикасы орун алды.

**Кыргыз тилинин теориясы менен методикасы боюнча кандидаттык экзамендин суроолору:**

1. Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили
2. Кыргыз тилинин мектепте окуу предмети катары максаты, маңызы жана милдеттери
3. Кыргыз тилинин теориясы менен методикасынын мазмуну жана милдеттери
4. Кыргыз тилинин предметтик стандарты, окуу планы жана окуу программасы
5. Кыргыз тили боюнча окуу китептери жана методикалык колдонмолор
6. Кыргыз тилин окутуунун дидактикалык принциптери
7. Кыргыз тилин окутуунун методдору
8. Байланыштуу кептин теориясы менен методикасы
9. Тексттин маанилик бүтүндүгүн (тексттин темасы жана негизги ою, тема жана подтема) окутуу
10. Кептин түрлөрү боюнча машыгуу жана көнүгүүлөргө үйрөтүү
11. Расмий-иштиктүү стиль жана анын түрлөрүн (расмий жана расмий эмес иш кагаздары) окутуу
12. Кептин оозеки жана жазма стилин окутуу
13. Көркөм стилдин мүнөздүү белгилерин: колдонулуш чөйрөлөрүн, тил каражаттарын ( лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) окутуу
14. Илимий стилдеги практикалык иштерге (реферат, конспект, цитата, библиография) окутуп-үйрөтүү
15. Публицистикалык стилдин мүнөздүү белгилерин: колдонулуш чөйрөлөрүн, колдонулуш милдеттерин, кептин берилиш өзгөчөлүктөрүн, колдонулуш тил каражаттарын ( лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) окутуу
16. Кеп маданиятын окутуунун бөтөнчөлүктөрү
17. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүүнүн методикасы
18. Тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөр
19. Кыргыз тилинин фонетикасын окутуунун өзгөчөлүктөрү
20. Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүн окутуунун методикалык негиздери
21. Этиштин өзгөчө формаларын (атоочтуктар, атоочтук түрмөк, чакчылдар, чакчыл түрмөк, кыймыл атоочтор) окутуунун формалары
22. Кызматчы сөз түркүмдөрүн (жандоочтор, байламталар, бөлүкчөлөр, модаль

сөздөр) окутуунун жолдору

23. Кыргыз тилинин лексикасын жана фразеологиясын окутуунун ыкмалары
24. Фразеологизмдердин өз ара бөлүнүштөрүн (фразеологиялык айкаштар, фразеологиялык ширелүүлөр, фразеологиялык бирдиктер) окутуу
25. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуунун методикасы
26. Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксисин окутуу ыкмалары
27. Татаал сүйлөмдүн синтаксисин окутуу ыкмалары
28. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү (каратма сөз, киринди сөз, сырдык сөз) окутуу
29. Кыргыз тилинин орфографиясын жана пунктуациясын окутуунун жолдору
30. Жазуу жумуштарынын (жат жазуу, баяндама, дил баян) түрлөрү жана аларды өткөрүүнүн методикасы

## II.

**Кыргыз тилинин теориясы менен методикасы боюнча кошумча (изилдөө тема боюнча) кандидаттык экзамен**

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы “Кыргыз тили” адистиги боюнча адистиги боюнча **программа-минимум.**

Программада теориялык билимди практикалык кептик иш-аракеттин негизинде берүүгө, кыргыз тилинде оозеки жандуу сүйлөөгө жана жазууга кеп аркылуу үйрөткөн башталгыч класстардын окуучуларын жогорку деңгээлдеги активдүүлүккө жеткире турган окутуу каражатына – дидактикалык оюндарга өзгөчө көңүл бурулду.

Башталгыч мектеп курагындагы окуучулардын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык өзгочөлүктөрү, педагогика жана психология илимдериндеги оюн түшүнүгү, анын мааниси жана башталгыч мектеп курагындагы окуучулардын оюн ишмердүүлүгүнүн психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, алардын окуу процессинде оюн түрүндөгү иш-аракеттерге умтулуусу, дидактикалык фонетикалык, лексикалык, грамматикалык, кептик оюндар аркылуу кеп өстүрүүнүн лингвистикалык негиздери, усулу, максаты, өзгөчөлүгү талданып берилди. Оюн кырдаалынын өзгөчөлүгүнө жараша катышуучулардын бири-бири менен сүйлөшо билүү, пикир алышуу, кептик байланыш түзүү жөндөмдөрү, кептик баарлашуу көндүмдөрү, дидактикалык оюндун негизинде жаралган коммуникативдүүлүктүн кепке тийгизген таасири, функционалдык

грамматиканын мааниси, компетенттүүлүктү калыптандыруу маселелери каралды.

XXI кылымда компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу курч маселелеринин бири, анткени биз билим берүүнүн компетенттүүлүк моделине өтүү жолундабыз. Себеби коммуникативдик компетенттүүлүк тилдик компетенттүүлүктү өз курамында алып жүрүп, окуучуларды практикасында колдоно билүүсүнө, күтүлбөгөн кырдаалда баарлашууга, маек куруусуна үйрөтөт.

К.Д. Добаев “Жаңы мектепке – жаңы ой жүгүртүү” китебинде окуучулар билимге даяр формаларды тартуулоонун негизинде эмес, таанып-билүү жана изилдөө иш-процессинин негизинде ээ боло тургандыгын айтты. Автордун келечекте бардык сабактар интерактивдүү болуусу керек деген жобосу дидактикалык оюндар аркылуу окутуу темасына төп келери шексиз. Себеби дидактикалык оюн – бул окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнө негизделген активдүү окутуу болуп саналат. Жаңы мектепте мугалимдин ролу алмашат, ал эми анын ордун уюштуруучу, насаатчы, коуч – адамга жеке же кесиптик ийгиликтерге жетүүгө жардам берген адис, модератор – сабакта темаларды өтүүдө багытты, эрежелерди сактоосун көзөмөлдөгөн адис ээлейт.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

**1. Амонашвили, Ш.А.** Здравстуйте, дети! Пособие для учителя [Текст] / Ш.А. Аманашвили – М.: Просвещение,1983. – 207 с.

**2. Берн, Э.** Игры, в которые играют люди. Люди, которые играют в игры. [Текст] /Э.Берн. – Екатеринбург.: ЛИТУР, 1999 – 166 с.

**3. Брозо, У.** Стратегические решения [Текст] / У.Брозо //Перемена – 2003 - С.43-45.

**4. Брудный, А.А.** Пространство возможностей. [Текст] А.А.Брудный – Б., Илим, 1999. – 358 с.

**5. Верещагин, Е.М., Костомаров В,Г**. Лингвистическая проблематика страноведения в преподавании русского языка иностранцам. [Текст] Л.Л.Верещагин, Костомаров В.Г.– Изд-во МГУ, 1971 – 84 с.

**6. Выготский, Л.С.** Педагогическая психология. [Текст] / Л.С. Выготский. – М. Педагогика-Пресс, 1999. Редакторы Л. М. Штутина, Л. М. Малова – 536 с.

**7. Выготский, Л. С.** Мышление и речь. Психологические исследования. [Текст] / Л.С. Выготский. – М.: Лабиринт, 1996.– 416 с.

**8. Джороев, Т.А.** Кыргыз тили сабактарында дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өстүрүү.

(башталгыч класстардын мисалында) [Текст]: дис. канд. пед. наук: 13.00.02 / Т.А.Джороев. - Бишкек, 2012.– 170 б.
10.**Добаев, К.Д.** Новая школа – Новое мышление [Текст] – Б.: 2023. – 256 с.
11. **Жутанова, Г.А.** Дидактикалык оюндар аркылуу студенттердин таанып билүүчүлүк ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн педагогикалык шарттары (педагогика курсунун мисалында) [Текст]: / автореф. дис ... канд. пед. наук Жутанова, Г.А. – Б., 2015. – 27 с.
12. **Зимняя, И.А.** Психические основы формирования двуязычия [Текст] / И.А. Зимняя //Русский язык в национальной школе. – 1984. – №3 – С.27-29
13. **Китайгородская, Г.А**. Методические основы интенсивного обучения иностранным языкам [Текст] / Г.А. Китайгородская. – М.: Изд-во МГУ, 1986. - 175 с.
14. **Костомаров, В.Г.** Методическое руководство для преподавателей русского языка как иностранного [Текст] / В.Г.Костомаров, О.Д.Митрофанова. – М., 1988.– 155 с.
15. **Култаева, У.Б**. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу методикасы [Текст] Ү. Култаева. – Б.:Эмгек,1995.– 225 б.
16. **Ладыженская , Т.А**. Система работы по развитию связной устной речи учащихся [Текст] / Т.А. Ладыженская – М.: Педагогика, 1975. – 152 с.
17. **Леонтьев, А.А.** О речевой ситуации и принципе речевых действий [Текст] /А.А. Леонтьев // Русский язык за рубежом. – 1968. - №2.
18. **Львов, М.Р.** Методика развития связной речи младших школьников [Текст] / М.Р. Львов. – М., 1985. –117 с.
19. **Милованова И.С**. Содержание и организация игровой деятельности на уроках русского языка в начальных классах грузинской школы [Текст]: дис. … канд. пед. наук: 13.00.02 / И.С.Милованова – Тбилиси, 1990. – 106 с.
20. **Мухарова, М.Л.** Дидактическая игра как средство формирования навыков устной немецкой речи в киргизской школе (начальный этап обучения) [Текст]: дисс....канд.пед.наук: 13.00.02 / М.Л.Мухарова. – М., 1989.– 177с.
21. **Пассов Е.И.** Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению. [Текст] /Е.И.Пассов – М.: Просвещение, 1991. – 225 с.
22. **Подласый, И.П.** Педагогика. Новый курс.Книга I. Общие основы. Процесс обучения. [Текст] Учебник для студентов пед.вузов: в 2 кн./ И.П.Подласый. – М.: ВЛАДОС, 2000. – 576 с.
23. **Рогова, Г.В**. Методика обучения английскому языку на начальном этапе в средней школе [Текст] / Г.В. Рогова, И.Н. Верещагина. – М.: Просвещение,1988 – 224 с.

**24. Рожкова, Г.И.** К лингвистическим основам методики преподавания русского языка иностранцам [Текст] Спецкурс для иностр.студентов - филологов /Г.И. Рожкова. – М.: Изд. Московского университета,1983–128 с.

**25. Рубинштейн, С.Л.** Основы общей психологии [Текст] / С.Л. Рубинштейн. – М.: 1989. – 468 с.

**27. Рысбаев, С.К.** Кыргыз тилинин үйрөтүү технологиялары [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек, 2023. – 280 б.

**28. Теория личности У. Джеймса.** Ч.1. – Самара: Издательский дом «Бахрар», 1999. – 544 с.

**29. Токтомаметов, А.** Кызыктуу ынтымак тамгалар. [Текст]/ Методикалык колдонмо/А.Токтомаметов, Б, Субанова. – Б.:2014 –9 б.

**30. Токтомаметов, А.**Тамгаларга байланыштуу ырлар. [Текст] / А.Токтомаметов, Б.Субанова. – Б.:2014 –12б.

**31. Токторбаев, С.** Өспүрүмдөрдүн оюндары [Текст] / С. Токторбаев. – Б.: КСЭнин Башкы ред., 1991. - 272 б.

**32. Хасанов, Н.Б.** Игровое начало в системе средств активизации речевой деятельности учащихся в среднем звене обучения (6 класс кыргызской школы) [Текст]: дис. … канд.пед.наук: 13.00.02 /– Бишкек, 2012.– 177 с.

**33. Хейзинга, Й.** Homo Ludens: Статьи по истории культуры. / Пер. с гол. Д. В. Сильвестрова — М.: Прогресс — Традиция, 1997. – 416 с.

**34. Хухлаева, О.В.** Маленькие игры в большое счастье. Как сохранить психическое здоровье дошкольника [Текст] /О.В. Хухлаева, О.Е.Хухлаева.- М.: Апрель-Пресс, ЭКСМО-Пресс, 2001 - 224 с.

**35. Чыманов, Ж.А.** Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын филол. фак. студ. үчүн [Текст] / Ж.А. Чыманов. – Б., 1977. – 99 б.

**36. Щерба, Л.В.** Языковая система и речевая деятельность [Текст] / Л.В. Щерба. – Л.: Наука, 1974. – 427 с.

**37. Щерба, Л.В.** Преподавание иностранных языков в средней школе. Общие вопросы методики. [Текст] /Л.В. Щерба. – М., Высшая школа, 1974. – 112 с.

**38. Эльконин, Д.Б.** Психология обучения младшего школьника [Текст] / Д.Б. Эльконин. – М.: Знание, 1974. – 64 с.

**39. Эльконин, Д.Б.** Психология игры [Текст] Эльконин, Д.Б. – 2-е изд.– М.: ВЛАДОС, 1999 – 360 с.

**40. Юнг, К.Г.** Конфликты детской души [Текст] / К.Г. Юнг. - М.: Канон «Реадилитация», 1977. - 333 с.

**Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын суроолорунун тизмеси**

1. Дидактикалык оюн делген терминге түшүндүрмө берүү.
2. Дидактикалык оюндун кадимки оюндардан айырмасын аныктоо.
3. Балдардын улуттук кыймылдуу оюндарын атоо.
4. Дидактикалык оюндардын интерактивдүү методунун катарында экендигинин себептери.
6. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы жалпы дидактикалык жана коммуникативдик принциптер.
5. Дидактикалык оюндардын максатына жана милдеттерине жараша бөлүнгөн топтору.
7. Компетенттүүлүк делген терминге түшүндүрмө берүү.
8. Тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүк түшүнүгү тууралуу маалымат берүү.
9. Дидактикалык оюндар аркылуу тилдик жана коммуникативдик компетенцияларды калыптандыруунун жолдору.
10. Психология жана педагогика илимдериндеги оюн түшүнүгү.
11. Оюн менен баланын сырдуу каситеттери жана өнүгүүсү.
12. Дидактикалык оюндардын окуучунун кебин өстүрүүсүнө тийгизген таасири.
13. Эффективдүү ишкердүүлүккө алып келүүчү, орой мамилеге жол бербей, кылдат туртку берүүнүн 10 стимулунун окуучулардын кебин өстүрүүсүнө тийгизген таасири.
14. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун лингвистикалык принциптери.
15. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын кебин өстүрүүсүндөгү Л.В.Щербанын лингвистикалык негиздөөлөрү.
16. Дидактикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүүнүн жолдору жана практикалык багытта уюштуруу ыкмалары.
17. Дидактикалык оюндарды өткөрүүдөгү эмоциялык жана интеллектуалдык стимуляторлор.
18. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда фонетикалык, лексикалык, грамматикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү.
19. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда кептик оюндар аркылуу кеп өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана жолдору.
20. Дидактикалык оюндар аркылуу кыргыз тилин окутуунун изилденилиш тарыхы.

21. Инновациялык методдорду колдонуунун жолдору.
22. Кыргыз тили сабагына коюлуучу заманбап талаптар.
23. Билим берүүнүн компетенттүү модели – педагогика илиминин негизги багыты.
24. Глобалдык билим берүү.
25. Эл аралык окутуу практикасындагы “жумшак көндүмдөр”?
26. Коммуникация, коллаборация, сынчыл ой жүгүртүү, чыгармачылдык кондүмдөрү – келечектеги метакөндүмдөр.
27. Британ психологу Тони Бюзенин интеллектуадык картасын дидактикалык оюнду аркылуу окутууда пайдалануу.
28. Цифралык билим ресурстарын колдонуу – Жаңы мектептин талабы.
29. Экинчи тилди окутуунун жаңы технологиялары.
30. Заманбап илимий методорду башталгыч мектеп окуучуларынын интеллектуалдык операцияларын өнүктүрүүсүнө пайдалануу.

**Билдирүүнүн негизинде төмөнкү суроолор берилди:**

**С.К.Рысбаев** – п.и.д., профессор, Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери.
**Суроо:** Дидактикалык оюндарды сабакта колдонуунун мааниси тууралуу айтып бере аласыңбы?
Жооп: Азыркы учурда кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутууда дидактикалык оюндардын сабакта колдонуунун мааниси чоң. Балдар оюнга жакын, оюн алардын психологиясына, турмушуна жакын, табитине туура келген оюндар гана алардын окуу ишмердигин өстүрүүгө чоң пайда алып келет.
**А.Б.Батыркулова** – п.и.к., Филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы
**Суроо: Кыргыз тилинин теориясы менен методикасынын негизги методдору дегенди кандай түшүнөсүз?**
**Жооп:**Коммуникативдик-ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуу аркылуу окуучуларды тынымсыз кептик карым-катнашка, баарлашууга тартууну туюндурат. Бул озгөчо билим берүү проңессин уюштуруунун жана окууга шарттарды түзүүнү талап кылат. Мындай учурда окуучулар практикалык жана түйүндүү компетенттүүлүккө ээ болууда башка окуучулар жана мугалим менен мамилелешүү процессинде өзүн-өзү коомду, деги эле, дүйнөнү таанып билүүдөгү белгилүү ыкмаларынын системасына ээ болот жана жекече өнүгүүсүн (траекториясын) камсыз кылат. Интерактивдүү окутуу бардык билим берүү

чөйрөсү сыяктуу (көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуу мейкиндигин атайын уюштуруу) ошондой эле түздөн-түз колдонулуучу методдор менен коштолот. Сунуш кылынган методдордун классификациясынын негизинде окуучулардын предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүн калыптандырууну камсыз кылуучу окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мүнөзү жатат. Кыргыз тилин окутууда, негизинен, төмөнкүдөй методдорду пайдалануу ылайык:

**М.У.Музулманов** – КББАнын вице-президенти

**Суроо:** Компетенттүүлүктүн негизинде кыргыз тилин инсанга багыттап окутуу деген эмне?

**Жооп:** Тилдик компетенттүүлүккө ээ болуу бул - тилдин жеке жана жалпы мыйзамдарын чагылдыруучу нормалар жана эрежелер боюнча билимге ээ болуу менен лингвистикалык маалыматтарды чечмелей алат, талдап ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот: тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы кызматтары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт; лингвистикалык бирдиктерди, кызматтары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат; тилдик бирдиктердин синонимдештигин, түзүлүшү, мааниси жана стили боюнча айырмалайт; кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүкторүн айырмалайт; каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

*Кептик компетенттүүлүккө ээ болуу* - бул сүйлөөчү же угуучу коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү: карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;

*Маданий компетенттүүлүккө ээ болуу* - бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү: коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алат; элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;

**Төраганын жыйынтык сөзү:**

**Музулманов** - п.и.к. Биздин бүгүнкү лабораториянын отурумунда изденүүчү З.К.Самудинованын «Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо максатында өткөрүлдү. Программа боюнча баяндамачынын баяндамасын жана ага карата лаборатория

мүчөлөрүнүн пикирлерин уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программа диссертациянын темасына шайкеш, мектептин башталгыч класстарында колдонулуучу технологиялары толук өлчөмдө чагылдырылгандыгын белгилеп кетким келет.

Изденүүчү З.К.Самудинованын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган «Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын . кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**Добуш берүү:** макул - 4; каршы - 0; калыс - 0

Изденүүчү З.К.Самудинованын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** аттуу темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароонун жана талкуулоонун негизинде жыйын

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Изденүүчү З.К.Самудинованын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазган **«Башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** аттуу темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

Кыргыз билим берүү академиясынын
Филологиялык билим берүү лабораториясынын
башчысы, п.и.к: А.Б. Батыркулова

КАДРЛАР
БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ

Колун тастыктайм
[illegible]
башчысы А. Асанова